**№8 жалпы билим берүү орто мектебинде мугалимдердин билимин өркүндөтүү боюнча маалымат**

Мектеп ишинин маанилүү багыттарынын бири мугалимдердин педагогикалык талантын өрчүтүү максатында квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышып, педагогикалык ишмердүүлүктү үзгүлтүксүз өнүктүрүү, жогорулатуу эсептелет. Мугалимдерди квалификациясын жогорулатуу курстардан өткөрүү системасы 5 жылдык перспективалык план аркылуу жүзөгө ашырылат. Жыл сайын мугалимдер КРББИМ алдындагы республикалык педагогикалык кызматкерлердин квалификациясын жогорулатуу жана кайра даярдоо институту жана областтык усулдук борбор тарабынан өткөрүлгөн семинар, тренингдерге катышуу менен өз билимдерин өркүндөтүүнүн үстүндө үзгүлтүксүз иш алып барышууда. Ошондой эле кыска мөөнөттүү семинар, тренингдерден мугалимдер зарылдыкка карап өткөрүлөт. Андан сырткары шаар ичинде ар кандай уюмдар тарабынан, шаардык билим берүү бөлүмү тарабынан уюштурулуп турган семинарларга, тренингдерге барып катышып да, тажрыйба топтоп келип турушат. Бүгүнкү күндө мугалимдердин курамынын 80 % өз билимин жогорулатуу курстарынан өтүп келишти. Курска катышкан педагогдордун санынын өсүшү - бул квалификацияны жогорулатуучу курстарга жиберүү графиктин негизинде өтүлгөндүгүндө болуп саналат.

**Квалификацияны жогорулатуучу курстарга катышуу**

| **2018-2019-окуужылы** | **2019-2020-окуу жылы** | **2020-2021-окуу жылы** | **2021-2022-окуу жылы** | **2022-2023-окуу жылы** |
|---|---|---|---|---|
| **6** | **1** | **4** | **7** | **8** |



Бул окуу жылында башталгыч класстын 4 мугалими "Окуу керемет" долбоору тарабынан уюштурулган онлайн курстарда 72 сааттык “Башталгыч класстар үчүн стандарттар” модулдук окуудан өтүштү. Мектеп директору 2022-жылдын ноябрь айында Жалал- Абад областтык билим берүү усулдук борборунда өткөрүлгөн “Мектеп директорунун ишмердүүлүгүн уюштуруу” программасы боюнча, башталгыч класстан 1 мугалим Жалал-Абад областтык билим берүү усулдук борборунда өткөрүлгөн “Башталгыч класстарда окутуунун теориясы жана усулу ” программасы боюнча, мектептин уюштуруучусу Жалал- Абад областтык билим берүү усулдук борборунда өткөрүлгөн “Мектептин жана класстан тышкаркы иштерди уюштуруучунун ишмердүүлүгүн уюштуруу” программасы боюнча жана англис тили мугалими Жалал- Абад областтык билим берүү усулдук борборунда өткөрүлгөн “Англис тилин окутуунун теориясы жана усулу ” программасы боюнча 72 саат көлөмдөгү кыска мөөнөттүк квалификацияны жогорулатуу курстарына катышышты.

Мектептин соцпедагогу жана уюштуруучусу, предметтик мугалимдер курстан өтүү менен өз билимдерин өркүндөтүп, предметтик сабактарды өтүүдө, класстан тышкаркы иш чараларды өтүүдө алган билимдерин колдонуу менен изденип, чыгармачылык менен иштешүүдө.

Мектеп директору Н.Н.Алчынбаева